**Список цитируемых источников:**

1. Амонашвили, Ш.А. Паритеты, приоритеты и акценты в теории и практике образования Текст. / Ш.А. Амонашвили // Педагогика, 2000. №2. - С. 1116.
2. Арапов, А.И. Дифференциация обучения в отечественной педагогике: теория, история, практика: учебное пособие Текст. / А.И. Арапов. Новосибирск: Издательство НГПУ, 2001. - 75с.
3. Асипова, Н.А Основы вузовской педагогики (Текст) / Н.А.Асипова., А.С.Раимкулова и др.Б., 2001. – 187. С.18.
4. Дик, Ю.И. Дифференциация и одаренные дети. Направления развития Текст. / Ю.И. Дик, В.А. Орлов // Стандарты и мониторинг в образовании. -1999. -N 5. -С. 18-21.

УДК: 37.013.46
DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-17-22

**Асипова Н.А.**
**Ж. Баласагын атыгндагы КУУ**
**Асипова Н.А.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**Asipova N.A.**
KNU J. Balasagyn

ORCID: 0000-0002-0671-603X, SPIN-код: 8368-2090

# ПЕДАГОГИКАЛЫК КЕСИПКЕ ДАЯРДООДОГУ АКМЕОЛОГИЯЛЫК ЖАГДАЙ
# АКМЕОЛОГИЧЕСКИЙ ПОДХОД В ПРОФЕССИОНАЛЬНОЙ ПЕДАГОГИЧЕСКОЙ ПОДГОТОВКЕ
# ACMEOLOGICAL APPROACH IN PROFESSIONAL PEDAGOGICAL TRAINING

**Аннотация:** Макалада инсандын кесиптик жактан өсүп-өнүгүүсү XX кылымдын 90-жылдарында өз алдынча илим тармагы катары калыптана баштаган акмеология илиминин борбордук маселеси экендигин эске алуу менен кесиптик билим берүүнүн сапатын жогорулатуудагы акмеологиялык жагдайдын теориялык мааниси практикалык жолдору каралат. Акмеологиялык жагдайга негизделген кесиптик билим берүүнүн орчундуу милдетинде болочок адистерди кесиптик билимди үзгүлтүксүз жогорулатып туруугa психологиялык жактан даярдоо менен технологиялык чакырыктарга даяр болуу, чыгармачылык, изденүүчүлүк мотивациясын камсыз кылууга басым жасалат.

**Аннотация:** В статье с учетом того, что акмеология является самостоятельной наукой сформировашаяся в 90 годы XX столетия, основной задачей которой является вопросы повышения качества профессионального образования личности, рассматриваются теоретические основы и практические пути реализации данного подхода в образовательном процессе. Исходя из того, что основной задачей акмеологического подхода является формирование психологической готовности к непрерывному повышению профессионального уровня, основной упор делается на обеспечение мотивации специалиста к технологическим вызовам, творческой, поискоовй деятельности.

**Abstract:** In the article, taking into account the fact that acmeology is an independent science formed in the 90s of the XX century, the main task of which is to improve the quality of professional education of the individual, the theoretical foundations and practical ways of implementing this similar educational process are considered. Based on the fact that the main task of the acmeological approach is the formation of psychological readiness for continuous professional development, the main emphasis is on ensuring the motivation of a specialist for technological challenges, creative, search activity.

**Негизги сөздөр:** акмелогиялык жагдай, кесиптик билим, чыгармачылык бииийктик, билим сапаты,үзгүлтүксүз билим, окутуу технологиялары.

**Ключевые слова:** акмеологический подход, профессиональное образование, творческая вершина, качество образования, непрерывное образование, технологии обучения.

**Keywords:** acmeological approach, vocational education, creative pinnacle, quality of education, continuing education, learning technologies.

Заман талабына жооп берген кесиптик билим берүүнүн негизги максаты болочок кесип ээлеринде кесиптик ийкемдүүлүккө, компетенттүүлүккө ошол эле мезгилде чыгрмачылыкка багытталган билим сапатын камсыз кылуу эсептелет. Педагогикалык жана психологиялык изилдөөлөр (В.А. Якунин, А.В. Мудрик, В.А. Сластенин, Н.Ф. Талызина ж.б.) көрсөткөндөй жогоруда белгиленген инсанга жана кесипкөйлүккө багытталган билим берүүнүн методологиялык негизин акмеология түзүп турат.

Болочок адистердин кесиптик жактан өсүп-өнүгүүсү XX кылымдын 90-жылдарында өз алдынча илим тармагы катары калыптана баштаган акмеология илиминин борбордук маселеси болуп эсептелет. Байыркы гректердин αϰμή, akme – туу чоку же бийиктик деген сүздөрдөн келет. Адамдын жекече же индивидуалдык өсүп-өнүгүүнүн туу чокусуна (акмеге) жетүүнүн законченемдүүлүктөрүн жана механизмдерин изилдөөгө багытталган психология жана педагогика илимдеринин есилишинде турган илмий тармак болуп эсептелет. Кеңири маанисинде өсүп-өнүгүүнүн бийиктигине жетүү жөнүндөгү илимий аралык тармак.

Акмеология түшүнүгү алгачкы жолу орус окумуштуусу Н. А. Рыбников тарабынан 1928 жылы илимий чөйрөгө жетилген же чоң адамдардын өнүгүүсүн чагылдыруу максатында киргизилген. Бул түшүнүктүн илимдер системасына кириши 1968 жылга туура келип. Б. Г. Ананьевдин ысмы менен байланыштуу. Ал адамдардын өнүгүүсүн индивид, инсан катары жашоосунун, өнүгүү фазасын: адам эмбриологиясы, морфология жана физиологиясы, педиатрия, педагогика, акмеология, геронтология (карылык жөнөндөгү илим) деп бөлүштүргөн [1, 219]. Б. Г. Ананьев тарабынан адам баласынын өнүгүү этпатарын ушундайча бөлүштүрүүсү акмеологияны адам баласына байланыштуу илимдердин катарында педагогикадан кийин жайгаштыруу менен адамдардын өнүгүү законченемдүүлүктөрү билим берүү өзгөртүүгө боло тургандыгын далилдеп турат. Б. Г. Ананьевдин жетилген адамдардын психологиясына болгон кызыгуусу 1928-жылдарда Түндүк Осетияда педагогикалык институтта окуп жүргөн кезде башталып, андан кийин 1957-жылы чоң адамдардарга байланыштуу эксперименталдуу акмеологияны, адамдын психо-физиологиясын изилдөө лабораториясын түзүү идеясынын пайда болушуна алып келген. Б. Г. Ананьевдин бул ойду ишке ашыруу аракети 1966-жылы Ленинграддык мамлекеттик университеттин алдында психологиялык факультеттин ачылышына түрткү болгон.

Бүгүнкү күндө **акме** – бул адамдын көп кырдуу абалын, анын жашоо турмушунун көпчүлүк бөлүгүн камтуу менен анын жаран катары, кайсы бир тармактагы эмгекчил-адис катары, аны курчап турган чөйрөдүгүлөр менен карым-катнаштарга бай же жарды инсан экендигин, өмүрлүк жар, ата-энелик милдеттерин мыкты аткарган, жигердүү, эч качан катып калбаган, статикалуу абалда эмес, тетирисинче аз же көп кырдуу, вариативдүү жана өзгөрмөлүүлүгү менен айырмаланган коомдун мүчөсү экендигин билдирет.

Ошону менен катар, акмеология адамдын жетилген мезгилиндеги жетишкендиктерин жана кесиптик жетилүүнүн ар кандай баскычтарындагы өзгөчөлүктөрүн, аларга таасир тийгизүүчү факторлорду, анан албетте адамдын физикалык жана руханий субстанциялары ортосундагы карым-катнаштарындагы өзгөрүү жана өнүгүү мүнөздөмөсүн (белгилерин) изилдейт.

Белгилеп кете турган нерсе акмеологиялык контекстен алганда, адамдын жетилүүсү эч качан бир заматта же күтүүсүз жерден пайда болбойт. Адамдын кесипкөй инсан катары жетилүүсү үчүн ал адамдын бардык басып өткөн жолу “иштейт”. Мындай жетилүү тек гана адамдын табигый мүмкүнчүлүктөрүнө көз каранды болбостон, шарттуу түрдө анын башынан кечирген жашоосуна, анын жетилген курагына кандай физикалык күч кубат менен келгендиги, анын жашоо-тиричилигинин маңызын кандай адеп-ахлактык баалуулуктар түзүп тургандыгын, инсандык парасатында кандай баалуулуктар басымдуулук кыла тургандыгы, анын жетилген мезгилиндеги ишмердүүлүк субъектиси катары кандай билим, билгичтик, көндүмдөргө ээ болгондугу жана аны кандай жөндөмдүүлүктөр мүнөздөп тургандыгы менен айырмаланат. Андыктан, акмеология илиминин негизги стратегиясы болуп, адмдын жашы жеткен же жетилген кездеги жетишкендиктерине кантип келгендиги, кандай жолду басып өткөндүгү, өсүп-өнүгүү баскычтарында кандай кыйынчылыктарды жеңгендиги, анын ийгиликтерине ким жардамчы болгондугу жөнүндөгү, башкача айтканда, жетишкендиктеринин мазмунун, жолдорун, механизмдерин изилдөөнү дагы камтып турат.

Бирок, акмеология илиминин негизги предмети болуп кесип адамдарындагы жогоруда белгилеген көрсөткүчтөрдү камтуу менен инсандын кесипкөйлүгүнө байланыштуу “кесипкөйлүк жана анын негизги мүнөздөмөсү”, “кесипкөйлүк жана жетилүү”, “кесиптик жактан өчүүнү токтотуу жолдору”, “кесипкөйлүүлүккө жетүү жолдору” ж.б.у.сыяктуу илимий-практикалык проблемаларды изилдөө эсептелет.

Албетте, чыныгы кесипкөйлүк күчтүү жана туруктуу ички күчтөр (мотивация) жана сезимталдуулук менен коштолуп, тигил же бул кесипкке берилгендик, кесипке байланыштуу кайталангыс жана нукура натыйжаларга жетишүүнү билдирет жана андай натыйжалар адамдан ошол кесипке керектүү физикалык ден соолукту, психикалык даярдыкты, кесиптик чеберчиликти талап кылат.

Белгилеп кете турган нерсе, кесипкөйлүктүн туу чокусуна - акмеге жетүү оңой-олтоң иш эмес, ар бир чебер устат өз ишмердигинде кайталангыс болуп эсептелет. Бул жерде анын кайсы кесиптин ээси экендиги, мейли катардагы жумушчубу, же самолет айдоочубу, кийим тигүүчүбү же аскер башчысыбы, малчыбы же иликтөө кызматчысыбы – булар анчалык маанилүү эмес, эң негизгиси анын өз кесибинин эң чебер устаты, мыктысы абалына кантип жеткендигинде жатат.

Кесипкөй адамдагы ошондой чеберчиликтин калыптанышы балдардын мектептке чейинки жана мектеп кезиндеги иш-аракеттерин уюштурууну, өспүрүм кезиндеги максаттуу түрдө кесип дүйнөсүнө багытттону, андан кийинки этаптарында теориялык жана практикалык жактан иштелип чыккан натыйжалуу кесиптик билим берүүнү талап кылуу менен

жаштардын жалпы инсандык жактан өсүп-өнүгүүсүн камсыз кылуу, алардын келечегин түзө турган ишмердүүлүккө тартуу, турмушта керектүү жүрүм-турум эрежелерин өздөштүрүү, ошондой эле ишмердүүлүктүн жекече жолдорун (стилин) жана кесипкөйлүктүн жогорку чектерине умтулуусу өбөлгө түзөт. Демек, инсандын калыптануусундагы келечектеги бийиктиктерге жетиши, дегеле өзүн-өзү өнүктүрүүгө болгон аракети өзгөчө көңүл бурууну талап кылган маселе. Себеби, тарбиянын натыйжалуулугу өзүн-өзү тарбиялоого өтүү менен аныкталган сыяктуу эле, эгерде ал адамда кесиптик жактан андан ары өнүгүүгө умтулуу болбосо, кесип алганга чейинки даярдык жана кесипкөйлүккө жетүүнү эч качан толук кандуу деп эсептөөгө болбойт.

Акмеологиялык көз караштан алганда, кесипкөйлүк тек гана инсанга байланыштуу болбостон, бүтүндөй коллективдин (педагогикалык коллектив, бригада, экипаж, спорттук команда, театр труппасы, университеттин же институттун, кафедранын мүчөлөрү ж. б.) бирикмелердин кесиптик натыйжага багытталгандыгына, бирдиктүү иш-араткетине да байланыштуу. Себеби, бүгүнкү күндө чанда бир гана кесип адамдын жалгыз аракетине байланыштуу болбосо, дээрлик бардык өндүрүштүк чөйрө көптөгөн адамдардын биргелешекен иш-аракетинин натыйжасынан жаралат.

Түпкү тамыры педагогикада жана психологияда орун алган, бирок, ошол эле мезгилде жаңы илимий тармак болуп эсептелген акмеология, бүгүнкү күндөгү кесиптик бийиктикти камсыз кылуучу илимий багыт катары активдүү изилдөөлөргө баруда. Акмеологиянын интегративдүү дисциплиналар аралык мүнөздө болушу билим берүүнүн акмеологиялык моделди, акмеологиялык мектепти түзүүнү жана аларды илимий апробациядан (илимге киргизүү) өткөрүү аркылуу ишке ашат.

Акмеологияны жаңы илимий парадигма катары А. А. Деркач, А. А. Бодалев, Н.В. Кузьмина, А.К. Маркова, Г.В. Реванын эмгектеринде орун алган. Кеңири мааниде акмеологиянын предмети болуп, өз ара байланышкан түрдө чоң адамдын прогрессивдүү түрдө өсүп-өнүгүүсүнө көмөкчү болуу (же ага каршы туруунун) объективдүү жана субъективдүү факторлорун, б. а. өсүп-өнүгүүнүн **акме** деген термин менен белгилене турган бийик туу чокусуна жетүүнүн закончөнемдүүлүктөрүн жана алардын механизмдерин иштеп чыгуу эсептелет [2]. Аты аталган ж.б. илимпоздордун илимий изилдөөлөрү педагогикалык кесиптин методологиялык базасын түзүү менен акмеологиялык мектепти түзүүгө жол ачат. Акмеологиялык мектеп – бул бардык субъектилер үчүн өсүп-өнүгүүгө жана туура калыптанууга керектүү бардык шарттары бар, инсан жана коомчулук үчүн ийгиликтерге жана жетишкендиктерге багытталган билим берүүчү окуу жай десек болот. Акмеологиялык мектепте бала индивид, инсан катары жетилип, андан кийин ЖОЖдордо билим алуу мезгилинде анын индивидуалдык өзгөчөлүктөрүнө негизделген руханий, адеп-ахлактык баалуулуктары, чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрү, социалдашуу билгичтиктери, коллектив жана коом менен мамиле кура билүү компетенциялары калыптанат [3, 229].

Акмеологиялык технологиялардын өзгөчөлүктөрү субъектин ички даярдыгын (установкасы) эске алуу, ошондой эле акмеологиялык технологияларды колодонуу талап кылат. Андай акмеологиялык технологиялардын структурасы төмөнкүлөрдү камтыйт:

– Технологиялардын өнүктүрүүчүлүк максаты жана милдеттерди аныктай билүү;
– Методологиялык негиздерди түзүүчү дидакьикалык принциптерине таянуу;
– Окутуу процессиндеги технологиялык шарттарды эске алуу;
– Конкреттүү акмеологиялык жагдайды анализдей билүү;

– Билим берүү процессинде объектин жана субъектин мүнөздөмөсү жана алардын карым-катнаш өзгөчөлүктөрүнө таянуу;
– Акмеологиялык максатка жетүүнүн этаптары (стратегиялык, тактикалык) жана ыкмаларын колдонуу;
– Натыйжаны алдын ала аныктоонун жолдорун (методдору) билүү;
– Натыйжаларды ишке киргизүү (внедрение) жолдорун аныктоо.

Акмеологиялык технологиялардын негизги милдеттери – адамдын аң сезиминде өзүн-өзү аңдай билүүгө, өзүн-өзү өнүктүрүүгө, өзүн-өзү ишке ашырууга болгон муктаждыкты канаатандыруу менен атайын ыкмалардын жана техниканын жардамы менен адамдын инсандык жана кесиптик мендигинин актуалдашуусун камсыз кылуу десе болот.

Демек. ЖОЖдордо акмеологияга негизделген кесипкөй адистерди даярдоонун негизги стратегиялары болочок адистерде педагогикалык билим, билгичтиктерди, көндүмдөрдү калыптандыруу, башкача айтканда бүгүнкү билим берүүнү эң негизги максаты болгон комптенттүүлүктү калыптандырууну жана аны камсыз кылуучу мотивациялык механизмдерди иштеп чыгууга байланыштуу.

Акмеологиялыкк методологияга негизделген кесипкөй адистерди даярдоонун маңызы болочок муглимдердин чыгармачылык мүмкүнчүлүтөрүн калыптандыруу, ийгиликке жетишүүнү мотивациялоо, өз алдынчалыгын өстүрүү, өзүнө карата ишенимди колдоо жана предметтик компетенттүү ишмердүүлүккө тартууга байланыштуу. Аталган технологиялар болочок адистерде **акмеологиялык багытталгандыкты, башкача айтканда, ийгиликке багытталгандыкты** жаратуу максатына шайкеш келиши негизги педагогикалык шарт болуп эсептелет. Акмеологиялык же ийгиликке багытталгандык – бул инсандын прогрессивдүү өнүгүүгө (анын ичинде кесиптик жактан), чыгармачылык, жана жалпы жашоо-тиричилик ишмердүүлүгүндө максималдуу өзүн-өзү ишке ашырууга (самореализация) багытталган сапаттык мүнөздөмөсү [3, 2 ]

Кесиптик-педагогикалык билим берүү процессиндеги студенттердин акмеологиялык багытталгандыгынын калыптангандыгынын негизги көрсөткүчтөрү болуп, студенттердин өз алдынчалыгы, чыгармачылык ишке тартылуусу¸ педагогиалык ишмердүүлүккө болгон мамилеси ж.б. эсептелет.

Бүгүнкү күндө акмеологиялык багытталгандыкты калыптандыруу педагогика илиминде калыптанып калган инсанга багытталгындык, ишмердүүлүк, компетенттүүлүк, креативдүүлүк сыяктуу билим берүү парадигмалары менен үндөш келип, кесиптик билим берүүнүн маңызын, мазмунун,максатын жана эң негизгиси натыйжасын аныктоодогу, теориялык окуу жана практикалык ыкма десек болот.

Акмеологиялык парадигманы ийгиликтүү ишке ашыруу атайын педагогикалык шарттарды сактоону талап кылат. Андай педагогикалык шарттар максаттуу психологялык жана педагогикалык шарттар менен чектелбестен кесиптик жактан өнүктүрүүгө шайкеш келген билим берүү ыкмаларын колдонуну, ошондой эле уламалуулук принцибине негизделген таанып-билүүчүлүк, сезимтал-баалоочулук жана мотивдешкен жүрүм-турумду калыптандырууну дагы камтыйт.

Болочок адистерди кесиптик бийиктикке жетелөөдө психологиялык кеңеш-көмөк (консультация), тренинг, өнүктүрүүчү окутуу технологиялары, инсанга багытталган окутуу технологиялары ж.б. методдордун жанында коомдогу кесиптик бийиктикке жетишкен инсандар менен жолугуушуларды өткөрүү, алардын кесиптик таржымаланы үйрөтүү боюнча өз алдынча иштерди жүргүзүү, алардан интервью алуу сыяктуу ыкмаларды колдонуу жакшы

натыйжаларды берет. Андай иш-чараларда кесиптик бийиктиктин туу чокусуна жеткен инсандын ушул абалга кантип жетекендиги, кандай кыйычылыктарга дуушар болгондугу жана аларды кантип жеңгендиги, бүгүнкү күндөгү өзүнүн жетишкендиктери менен канааттануу сыяктуу даректүү маалыматтарга таянуу студенттерде терең мотивация жаратат. Андай биографиялык маалыматтарда ошол инсандын тек гана кесипкөй адистиктин жанында кызыктуу инсан (ырчы, бийчи, сүрөтчү ж.б.) өнөрлөрү жөнүндө маалыматтар берилсе, таалим-тарбиялык иштин мазмуну анын натыйжасы дагы жогору болору шексиз. Себеби, акмеологиялык бийиктик тек кесиптеги бийиктик менен чектелбестен, ошол эле мезгилде адамдык парасатын, ден соолугун сактап, жоро-жолдошторун жоготпой, бир туугандарына кам көрүп, коомдук, социалдык иш-чараларда өз орд болуп жана ошолрдун жанында дагы өзүн кызыктырган (хобби) иш менен алектеген реалдуу инсандардын ишмердүүлүгүн чагылдырып турат.

Ошентип, акмеологиялык теориялардын маңызын түзүп турган кесипти билим сапатын камсыз кылуу деген талабынан чыга турган болсок, бүгүнкү постиндустриядык коом шартында өлкөнүн туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылуучу жан инсандын чырмачылык бийиктикке жетүүсүн камсыз кылуучу  билимдин төмөнкүдөй өзгөчөлүктөрүн байкоого болот:

- өзүн-өзү өстүрүү аркылуу “өмүр бою” жүрө турган динамикалуу жана үзгүлтүксүз билим алууга даяр болуу;
- кесиптик жактан ийкемдүүүк;
- карым-катнаштарда диалогдорго ачыктык;
- билимдин мазмунундагы интегративдүүлүктүн артышы;
- инсандын чыгармачылык, жаратуучулук мүмкүнчүлүктөрү менен эсептешүү жана аларга жол ачуу ж.б. у.

Аталган көрсөткүчтөрдү камытыган акмеологиялык билим берүүнүн  негизги максаты катары чыгармачыл, кесипкөй, базар экономикасы шартында эмгек рыногундагы атаандаштыкка даяр, өзүн-өзү тааныта билген  инсанды калыптандыруу алдыга чыгат. Мындай инсанды калыптандыруу дүйнөлүк билим мейкиндигене интеграциялашуу, алдыңкы технологияларды, метакөндүмдөрдү, ийкемдүү ыкмаларды колдонуу аркылуу ишке ашат.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1.Асипова Н.А. Заманбап билим берүү рарадигмалары. Б.: 20119.- 362 б.
2. Деркач А.А. Акмеологические основы развития профессионала. — М.: Издательство Московского психолого-социального института; Воронеж: НПО МОДЭК, 2004. 752 с.
3. Бегидова С.Н., Хазова С.А.  Акмеологический подход в профессиональной подготовке будущих специалистов. https://cyberleninka.ru/article/n/akmeologicheskiy-podhod-v-professionalnoy-podgotovke-buduschih-spetsialistov/viewer (дата просмотра: 19.05.2023.)
4. Асипова Н.А. Заманбап билим берүү рарадигмалары. Б.: 20119.- 362 б.